2020-2021 окуу жылына карата мектеп ичинде тарбиялык иштердин планы түзүлүп директор тарабынан бекитилген.Мектептин тарбиялык иштеринин максаты 2020-2021-окуу жылында бекитилген жана үч жылга каралган.Тарбиялык иштердин максаты:"Окуучуларды патриоттуулукка,атуулдукка тарбиялоо".Бул проблеманын үстүндө иштөө үчүн мугалимдерге милдеттендирилген жана окуу жылынын башында ал проблемага  жараша төмөндөгүдөй милдеттер коюлган:

1.Окуучуларды Ата-Мекенин сүйүүгө жана аны көздүн карегиндей сактоого,урматтоого тарбиялоо.

2.Улуу инсандардын өмүр баянын ,басып өткөн жолу менен тааныштыруу аркылуу  окуучулардын патриоттук сезимин ойготуу.

3.Окуучулардын чыгармачылыгын өнүктүрүүгө шарт түзүү.

4.Ата-энелер менен биргеликте иш алып баруу.

5.Өзүн-өзү башкаруу уюму менен биргеликте иш алып баруусун көзөмөлдөө.

6.Класс жетекчилер менен биргеликте иш алып баруу.

7.Мектептин ички көзөмөлүн жөнгө салуу.

8.Райондук,облустук республикалык кароо-сынактарга  катышуу.

Мектептеги тарбиялык  иштердин бардыгы төмөндөгү  коюлган максаттын негизинде иш алып барылды.

1-этап  2020-2021-окуу жылында тарбиялык иштердин  документациясын жөнгө салуу,ата-энелер,класс жетекчилер менен өзүн-өзү башкаруу уюмунун иш алып баруусун,класстык сааттардын өтүлүшүн,тарбиялык жана профилактикалык иш-чаралардын өтүлүшүн  жөнгө салуу жана көзөмөлгө алуу

2-этап 2020-2021-окуу жылында коюлган проблеманын негизинде улуттук атуулдукка тарбиялоодо окуучуларга атактуу инсандардын өмүр баяндарын тааныштыруу менен класстык сааттарды өтүү,райондук кароо  сынактарга катышуу жана жыйынтыктарды көрсөтүү.Профилактикалык иш чараларды ИДН жана айылдык соц.кызматкер менен  биргеликте өткөрүү.Рейддерге чыгуу.

3-этап 2020-2021-окуу жылында окуучулардын ден-соолугуна кам көрүүдө ФАП менен биргеликте түшүндүрүү иштери  жугуштуу оорулар  боюнча класстык сааттарды өткөрүү.Окуучулардын сабакка катышуусун  көзөмөлгө алуу,класстык сааттардын өтүлүшү көзөмөлдөө.

1. Тарбиялык иштердин  планы боюнча сентябрь айы  жолдо жүрүүнүн эрежесинин айлыгы болуп белгиленген.Айлыктын иш планы түзүлүп,директор тарабынан бекитилген.2020-2021-окуу жылы дистанттык

түрдө башталгандыктан бардык иш чаралар онлайн түрүндө өтүлдү. Мектепте өткөн баардык иш-чаралар тагыраак айтканда тарбиялык иш-чаралар онлайн түрүндө өттү.Сентябрь айы болгондуктан“Жолдо Жүрүүнүн эрежеси” айлыгы болуп өттү. .”Айдоочуга кат”,”Жүргүнчүгө кат”конкурсу 5-6-7-класстар арасында онлайн түрүндө 7-14-сентябрга чейин өткөрүлдү.Окуучулар тарткан сүрөттөрүн жана айдоочуга,жүргүнчүгө жазган каттарын онлайн түрүндө жөнөтүштү. Эң мыкты деген каттарды райондук онлайн кароо сынакка жөнөтүлдү. Мында бардык класс жетекчилер класстык сааттар жана ар түрдүү иш-чаралар онлайн түрүндө өтүлдү.Жолдо жүрүү эрежелери боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү. 24-сентябрда 2а-класстын класс жетекчиси Кадыркулова Жамийла онлайн түрдө “Жолдо жүрсөң сак бол!” деген темада ачык онлайн класстык саат өттү.

11-сентябрда 5-класстын класс жетекчиси Рысбек кызы Касиет “Жолдо жүрүү эрежесин сактагын!” деген темада онлайн түрдө класстык саат өттү. 23-сентябрда Базаркулова Элнура 4б-класста «Жолдо жүрүүнүн эрежелери» деген темада ватсапп аркылуу ачык класстык сааттарды өтүштү жана сүрөттөрдү тартышты.

9-сентябрь “Комуз күнү” болгондуктан комуз күнүнө карата окуучулар комуз боюнча видео-роликтерин жөнөтүштү.

Тил декадасы 7-23-сентябрга чейин өттү .Тил декадасында жогорку класстын окуучулары дил баяндарды,сүрөттөрдү эсселерди жазып жөнөтүштү.

Ошондой эле 1-11-класстарда “Коронавирус коркунучу”деген темада класстык сааттар өткөрүлдү.

Ачык сааттарды өтүүдө кыйынчылыктар жаралды.Интернеттин болуп болбой калышы,окуучулардын телефондорунун иштебей калышы себеп болду.Ошондой эле сентябрь айында райондук онлайн түрүндо жолдо жүрүү эрежелери боюнча видеоролик жиберилди. жана мектеп ичинде 1-11-класска чейин видео роликтер жасалып,вотсапп группаларга жиберилди.

Райондук масштабда МЧС тарабынан жиберилген конкурс болду.Бул конкурска окуучулар эссе,сүрөттөрдү тартып жөнөтүштү. Чуй-Токмок билим берүү бөлүмүнө 6а-класстын окуучусу Бакасова Аизанын таркан сүрөтү жөнөтүлдү.

Октябрь айы балдарды ар кандай зордук- зомбулуктан жана суицидди алдын алуу айлыгы болуп өттү.Бул айга да иш план иштелип чыккан.Зордук зомбулук жана суицид боюнча бардык класс жетекчилер 1-11-класска чейин вотсапп аркылуу түшүндүрүу иш чараларын жүргүзүштү.Чуй-Токмок билим берүү тарабынан зордук- зомбулук боюнча «Жашоо керемет» жана »Үй бүлөөдөгү чыр-чатактар»- деген темада видеороликтер жиберилген.Ушул видеороликтерди класс жетекчилер вотсапп группаларга жиберип түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү. Ошондой эле ата-

энелер группасына да ушундай видеороликтер жиберилди жана ата-энелер менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.Октябрь айында «Күз майрамы»конкурсу болуп өттү.Бул конкурс да онлайн түрүндө болду.Мында класстар гербарий,сүрөттөрдү жана жашылча жемиштерди ,өз фантазиялары менен жасап,вотсапп аркылуу жөнөтүштү. Күз майрамына карата райондук видеороликтерди жибериштти. ”Күз майрамы “ конкурсунда окуучуларга ар кандай мөмө-жемиштерден жаныбарлардын макетин жасоо тапшырмасы берилген.Күз майрамына окуучулардын ичинен 1-4-класстар активдүү катыша алышты.1б-класстагы Орозбеков Умардын жасаган эмгеги бааланып,Чүй-Токмок билим берүү бөлүмү тарабынан жасалган видеороликке кошулуп,чыгарылды.2а-класстагы Джекшеналиева Алинанын эмгеги,2б-класстагы Насипкулова Айдайдын жасаган эмгеги,4б-класстагы Кенжебекова Аделянын,Рыскулов Элзардын эмгектери,3-класстан Мухамеджановдун эмгеги,1а-класстагы Анашова Ажардын эмгеги,1б-класстагы Абдинасиров Бакайдын эмгеги мактоого алаарлык.

Жогорку класстардын окуучулары активдүү катыша алган жок. 6б-6а-класстардын окуучулары да кызыгуу менен катышышты.
Ошондой эле «Карылар күнүнө» карата видеороликтер жасалды.Окуучулар тарабынан көркөм окуу,эссе,ырлар,сүрөттөр тартылды.Чүй-Токмок билим берүү тарабынан жиберилген видеоролик дагы вотсапп группаларга жиберилди». Мугалимдер күнүнө»карата да куттуктоо видеоролик жасалып №3 мектепке жиберилди. Окуучулар тарабынан дагы куттуктоолор,видеороликтер жөнөтүштү.Онлайн түрүндө өтүп жаткан класстык сааттар контролго алынып,өз убагында өткөрүлүп турду.

Ноябрь айы ар кандай жугуштуу оорулардын алдын алуу жана балдардын ден-соолугуна кам көрүү, СПИД оорусунун алдын алуу айлыгы болду.Бул айга айлык план түзүлүп директор тарабынан бекитилген.План боюнча бардык класс жетекчилер класстарга түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү.Класс жетекчилер жугуштуу оорулар,өздүк гигиена боюнча класстык сааттарды өтүштү.9а-класста Джунушалиева К.”Өздүк гигиена”,9б-класста “Спидке каршы күрөш”,11-класста Зарылбек к А.”Ден-соолуктун көркү-спорт ” 10-класста Абдыркадырова Н ”Ден-соолукта жашоонун сыры” 5-класста Рысбек к К “Кыймыл ден-соолукту чыңалтат” деген темада ачык класстык сааттарды өтүштү.

Бүткүл дүйнөлүк СПИД күнүнө карата 30-ноябрда Чүй Токмок билим берүү тарабынан шаардык райондук викторина болуп өттү.Бул викторинага шаардык жана райондук мектептер катышты.Викторинага биздин мектептен үч окуучу катышып ,жакшы көрсөткүчтү көрсөтүштү.Ошондой эле бардык класс жетекчилер ВИЧ,СПИД боюнча видеороликтерди жасап,ватсапп группаларга жөнөтүштү,жана класстык сааттарды өтүштү.

Профилактикалык   иш-чаралар боюнча  ИДН кызматкери жана организатор,соц.педагог менен биргеликте  окуучуларды сабакка катыштыруу боюнча рейддерге чыгып,түшүндүрүү иштери  жүргүзүлдү.

Декабрь айы  ахлактыкка тарбия берүү айлыгына айлык план түзүлүп,директор тарабынан бекитилген.План боюнча декабрь айында”Ынтымак” форуму болуп өттү.Бул форумда класстарга Кыргызстандын шаарлары бөлүнүп берилген.Бөлүнгөн шаар боюнча жактоо,дубал газета,сүрөт тартуу берилген.  Бул форум 3-этап менен өттү.Жогорку класстын окуучулары бөлүнгөн шаарлар боюнча видео-роликтерди  9а-б-класстар,ортоңку класстын окуучулары 6- аб-7-класстар дубал газеталарды ,3-4-класстар сүрөттөрдү тартышты. Мыкты аткарылган иштерди райондук кароо сынакка жөнөтүлдү.Бул иш-чаранын баары онлайн түрүндө болду.Ошондой эле декабрь айында бардык класс жетекчилер адептүүлүк,боорукердик жана коомдо өзүн алып жүрүү боюнча класстык сааттарды өтүштү.”Достук эң ыйык нерсе” 2б-класстарда Асанова К. ”Коомдо өзүн алып жүрүү”  6 аб-класстарда Сарыпова Ж.ачык класстык сааттарды өтүштү.

14-декабрдан баштап мектептеги окуу режими салттуу түрдө башталды.Окуу процесси башталгандан баштап мектептеги гигиеналык- санитардык абал көзөмөлгө алынды.Мектепте дежур мугалим,техничкалар менен биргеликте окуучуларды тепловизор менен текшерип киргизилди,классынын тазалыгы,маска режими сакталды . Мектепте ар бир класста  саат сайын нымдуу уборка жасалып турду. Ар бир класстарга антисептик коюлган.Мектепте пандемия оорусуна байланыштуу жаңы-жылдык балл маскараддар болгон жок.2020-окуу жылынын 31-декабрынан 2021-окуу жылынын 10-январына чейин окуучулар кышкы каникулга чыгышты.

**Январь айында өтүлгөн иш-чаралар боюнча маалымат.**

Атайын коюлган пландын негизинде 15.01да “Кургак учук кандай оору?”деген темада 9-б класска Джунушалиева К.ачык класстык саат өттү.9-а,7-8-класстар дубал газеталарды чыгарып илишти.18.01.да “Мен жана менин укугум”деген темада Оторбаева Э.8-класска тегерек стол уюштурду.20.01.да “Спорт ден соолуктун булагы”6-б класска Сарыпова Ж ачык  класстык саат,”Ачуу душман,акыл дос”деген темада 3-класска Усупова А ,22.01.де “Грипптен сактан”деген темада 4-а класска Асанова К,27.01.де “Кыздар арасында кылмыштуулук”11-класс Зарылбек кызы А,29.01.де 7-класска Абдыкадырова Н.ачык класстык сааттарды өтүштү.

Февраль айында өтүлгөн иш-чаралар боюнча маалымат.Окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо айлыгына карата 5-6а-6б-класстар арасында атайын пландын негизинде дубал газеталарды чыгарылып илинди.Жазалган газеталардын ичинен 5-класстын газетасы мыкты деп табылды.Башталгыч класстар арасында сүрөт конкурсу уюштурулуп.Таза,жакшы тартылган сүрөттөр тандалып алынып,маалымат тактасына илинди.Алар1-а класстан

Анашова Ажар,Кубанычбекова Эркеайым,Таалайбеков Дастан.1-б класстан Насырова Сагыйда,Асанкулова Алиман.2-а класстан Абдисатаров Арсен,Джапарова Адеми.2-б класстан Ниязбекова Жанара,Кедейкулова Дилназ.3-класстан Жумакадырова Акмарал,Сабыралиева Салима.4-Б

класстан Даржыбеков Шамен,Абдинасирова Акылай.4-а класстан Ниязбеков Азиреттин тарткан сүрөтү мыкты деп табылып тактага илинди. 18-февраль күнү “Жоокер ыры”конкурсу болуп,2-класстан 10-класска чейинки класстар катышып мыкты номерлерди жана активдүү катышкан окуучуларды тандап алып атайын сыйлыктар берилди:башталгыч класстардан 2-б,3-,4б-класстарынын сценкаларын,көркөм окууларын абдан жакшы аткарышты.2-б класстан Койчукеев Бекзат обондуу ыр номинациясынан мыкты аткарды.3-класстар согуш мезгилин жана жеңиш күнүн чагылдырып абдан жакшы сценка аткарышты.4б-класстан Рыскулов Элзар Чыңгыз Айтматовдун “Атадан калган туяк”аттуу аңгемесинен Абалбек ролун так,жеткиликтүү кылып аткарды.Ортоңку звенодон 5-7-8-класстар активдүү катышышты.Булардын ичинен 5-класстан Исламбекова Айымзат көркөм окуудан ырды так,туура,көркөм айтты.7-класстан Исламбеков Даниел Ч.Айтматовдун чыгармасынан”Майсалбектин катын”абдан көркөм,так,туура айтып берди.8-класстан Түлөбердиев Байэл “Наалат согуш” аттуу сценкасынан жоокердин ролун абдан жакшы аткарды. 22-24-февраль күндөрү ар бир класс жетекчилер “Мекен сакчылары” деген темада ачык класстык сааттарды өтүштү.Класс жетекчилерден Мамбеталиева Айнура эжей,Ногоева Аида эжей,Усупова Айгүл эжей,Оторбаева Эльмира эжелердин класстык сааттары кызыктуу болду.26-февралда айлыкты жыйынтыктап активдүү катышкан класстарга жана окуучуларга ардак грамоталар,дипломдор ыйгарылды.

3-мартта класс жетекчилер жана окуучулар айлык планынын мазмуну менен таанышышты.3-март Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Туу күнүнө карата линейка өткөрүлүп,”Кыргыз туусунун келип чыгышынын тарыхы”деген темада тарых мугалими Абдыкалыкова Токон эже доклад окуду.7-8-класстар “Кыргызымдын желеги желбиресин”деген темада дубал газеталарды чыгарышты.5-март Ак калпак күнүнө карата линейка өтүлүп,Ак калпак эмнеден жасалат?-деген темада башталгыч класстын мугалими Базаркулова Элнура доклад окуду.8-класстын класс жетекчиси Оторбаева Эльмира “Кыргызымдын ак калпагы”деген темада ачык класстык саат өттү.Сабак абдан көрсөтмөлүү,кызыктуу болду.8-март Аялдардын эл аралык күнүнө карата даярдоо классы “Алтын апам-жан апам!”деген темада концерттик номерлерди аткарышты.Даярдоо классынан Абдинасирова Зарема,Мырзакулова Рамина,Уланбекова Лунара деген окуучу кыздар эне жөнүндө абдан жакшы ырларды ырдап беришти.Концертке ата-энелер,мугалимдер да келип көрүштү.9-а класска класс жетекчиси Джунушалиева Кенжегүл эже”Алтын апам- ардагым!”деген темада ачык класстык саат өттү.Класстык саатта Шарипова Жазеля,Совет кызы

Айэлита,Мыктыбекова Сауле аттуу окуучу кыздар “Эне” жөнүндө ырларды көркөм айтып беришти.

15-мартта Бүткүл дүйнөлүк кургак учук менен күрөшүү айына карата линейка өткөрдүк.Линейкада биология мугалими Джоошева Бүбүсара эже “Кургак учуктан –сактан!”деген темада доклад окуду.16-мартта айылдагы ФАП менен жолугуштук.Ал жакта иштеген Абдразакова Бактыгүл эже жогорку класстарга тегерек стол уюштуруп, кургак учук оорусу жөнүндө кеңири маалымат берди.Кургак учук оорусун алдын алуу боюнча башталгыч класстын мугалимдери Асанова Күлүмкан жана Кадыркулова Жамила эжейлер дубал газета чыгарып илишти.

19-мартта Нооруз майрамына карата 5-класстан 10-класска чейинки класстарга атайын кыргыздын улуттук салттарын,оюндарын бөлуштүрүп берилген.Берилген тапшырмаларга ар бир класс жоопкерчилик менен даярданышып аткарып беришти.5-класс “Упай” оюнун көрсөтүп беришти,Майрамбекова Аяна оюндун тарыхын так,туура жана көркөм айтып берди.Класс абдан кооз жасалгалынган,окуучулар бардыгы улуттук кийимдер менен отурушту.6-а класс” Ордо” оюнун ойноп,көрсөтүп беришти.Эркек балдардан Маратбеков Байтур жана Маликов Айкөл деген окуучу балдар абдан жакшы ойношот экен.Ордо оюнунун тарыхын Аскербекова Нестан деген кыз туура ,так окуп берди. 6-б класс “Тогуз коргоол”жана “Топ таш”оюндарын көрсөтүп беришти.Тарыхын Орузбаев Темирлан айтып берди.Оюнду жакшы ойногон окуучулар:Назаров Актан,Аскулова Азиза,Жумакадыров Нурадил,Абдысадыкова Сымбат.7-класска “Баланы бешике салуу” салты берилген.Класс жогорку деңгээлде даярданышкан.Класс жетекчиси Абдыкадырова Нурзина эжей салтты сахналаштырып окуучуларын абдан жакшы даярдаткан.Умай эненин ролун Шералиева Жаңыл деген окуучу кыз баталарды ыр менен көркөм айтты.Берилген салттын тарыхын Абдыгулова Зейнеп туура,так айтып берди.8-класска “Тушоо кесүү” салты берилген,бул класс дагы жоопкерчилик менен даярданышкан.Аба-ырайы жакшы болгондуктан 8-класс эшиктен мектептин астынан аткарып беришти.Түлөбердиев Байэл атасынын ролун абдан жакшы аткарды.Батасын берип,ырым жырымдарын жасашты.Тарыхын Болотова Аделина окуп берди.9-а.класска “Куда түшүү” салты тийген,окуучулар класстын ичин үйдөй кылып жазашкан,дасторкон салышкан салтка ылайыктуу костюмдарды кийишкен.Берилген тапшырмаларды Совет кызы Айэлита,Мыктыбекова Сауле ,Абыкеев Жанат жана Анарбеков Даниел деген окуучулар туура,так аткарышты.9-б.класска “Азан чакырып ат коюу”салты берилген.Класс жетекчиси Джунушалиева Кенжегүл эже.Класс берилген тапшырмаларды толук ,так аткарып беришти. Кекинов Байаман,Орузбаева Аяна,Абдинасирова Керемет жана Анасов Камил аттуу окуучулар салтты көрсөтүп беришти.10-класска”Сөйкө салуу” салты берилген.Класс жетекчиси Абдыкадырова Нурзина эжей жаш болсо дагы класстагы окуучуларды уюштуруп,сахналаштырып абдан жакшы даярдык менен аткарып беришти. Жюрилердин чечими менен 5-,6-а,-6-б-,7-

класстардын арасынан биринчи орунду 7-класска берилди.Себеби бул класс абдан жоопкерчилик менен даярданышкан.Мыкты аткарып беришкен.2-орунду 6-б.класска берилди.3-орун 5-класска берилди.8-,9-а-,9б-,10-класстардын ичинен1-орун 8-класска берилди.2-орун 9а-класс,3-орун 9б-класс алышты.Айдын аягында айлыкты жыйынтыктап орун алган класстарга жакшы роль аткарган окуучуларга диплом,ардак грамоталар берилди.

Апрель айында өтүлгөн экологияны сактоо айлыгы боюнча аткарылган иш-чаралардын маалыматы.Апрель окуясына карата мектепте линейка болуп өттү.Линейкада тарых мугалими Абдыкалыкова Т. 7-Апрель Революция күнү-деген темада доклад окуду.Жашылдандыруу боюнча мектептин чарба иштери боюнча директордун орун басары менен бирдикте ортоңку жана жогорку класстардын окуучулары менен жаңы мектептин астына бактарды,гүлдөрдү,ёлкаларды отургузушту.”Жаратылышты жашыл бойдон сактайлы”айлыгына карата башталгыч класстардын окуучулары жана ата-энелери менен бирдикте мектептин айланасындагы бактарды актоо,тазалоо,гүлдөрдү сугаруу иштери жүргүзүлдү.15-24-апрель күндөрү “Өлбөс полк”акциясына карата 9а-9б-10-класстар дубал газеталарды чыгарышты,башталгыч класстар сүрөттөрдү тартып келишти.15-апрелде мектеп арасында 6-класстан 9-класска чейин “ЮИДД” кароо сынагы болуп өттү.Сынакта 1-орунга 9-а класс чыкты.9-класстын окуучулары берилген тапшырмаларды туура,так жана талапка ылайык аткарышты.2-орунга 9-б класс ээ болушту.9-б класс 3суроого жооп бере алышкан жок.Ошондуктан 2-орун болуп калышты.3-орунга 8-класс чыкты.Жыйынтыгында райондук сынакка 9-а класстын окуучулары барып катышышты. Сынакта 19-апрель күнү Манас жаштар уюму өздөрүнүн аткарган иш-чараларын видео ролик жасап салышты.Жасалган видео ролик ЧТБББ нө жиберилген.19-апрелде “Сары-Өзөн чолпондору- 2021”фестивалы өткөрүлдү.Фестиваль 3номинация менен өтүлдү:1-көркөм окуу,2-вокал,3-улуттук аспапта ойноо.Класстар арасынан 2б-класстан Койчукеев Бекзат “Кыргызстан”деген ырды абдан жакшы аткарып берди.3-класстан көркөм окуу номинациясы боюнча Аскербекова Айым “Бүкөнтай”ырын абдан жакшы жатка айтып берди.Вокалдан Жумакадыров Нурдөөлөт “Бишкегим”аттуу ырын талапка ылайык ырдап берди.5-класстан Исламбекова Айымзат “Энелер”деген темада ырды көркөм айтып берди.7-класстан Абдыгулова Зейнеп жана Темирбекова Жанат “Саманчынын жолу”чыгармасынан Толгонай менен Жер эненин монологун жогорку деңгээлде аткарып беришти.Вокал боюнча Темирбекова Жанат”Туулган жерди сагынуу”аттуу ыры менен райондук сынакка кабыл алынды.8-класстан Мырзакулова Ажар улуттук аспапта ойноо номинациясы боюнча “Салтанат шыңгырама”күүсүн ойноо менен райондук сынакка кабыл алынды.9-а класстан Орузбаева Аяна улуттук аспапта ойноо номинациясы менен “Кербезим” күүсүн чопо чоордо ойноп,райондук сынакка кабыл алынды.Аттары аталган окуучуларыбыздын таланттарын онлайн форматында видеоролик жасап районго жиберилип 3-орунга ээ болдук.”Жашай бер жергем”акциясына карата 2-11-класстар класстык

сааттарды өтүштү.2-а класстын класс жетекчиси “Жаз жарыш-күз күрөш”деген темада ачык класстык саат өттү.Сабакта мугалим эмгек,жаратылыш жөнүндө кеңири маалымат берди.Окуучулар эмгек,гүлдөр,жаратылыш жөнүндө ырларды көркөм айтып беришти.8-класстын класс жетекчиси Оторбаева Э.”Табият менен таттуу мамиледе болуу.”деген темада ачык класстык өттү.Сабак көрсөтмөлүү,кызыктуу болуп, мугалим тарабынан берилген суроолорго так,туура жооп берип жатышты.11-класстар “Жаратылыш жан досум”деген темада видеоролик жасап группаларга салышты.

Май айында өтүлгөн иш-чаралар боюнча маалымат.

4-май күнү Конститутция күнүнө карата класс жетекчилер видео роликтерди жасап чыгарышты.9-май күнүнө карата “Өлбөс полк”акциясына 2-11-класстар арасында класстык сааттар,фестиваль жана ошондой эле сүрөт конкурстар,дубал газеталар жасалды.Класстар арасынан 3-класстын класс жетекчиси “Жеңиш күнү!”деген темада ачык класстык саат өттү.Сабак абдан кызыктуу жана көргөзмөлүү болду.Жумакадыров Н,Мухамеджанов Б.”Жогол согуш!”деген темада ырды көркөм айтышты.Мугалим согушка катышкан баатырлардын сүрөттөрүн окуучуларга көрсөтүп,тааныштырды.Окуучулар талапка ылайык формаларды кийишкен.7-класстын класс жетекчиси Абдыкадырова Н “Эч ким,эч качан унутулбайт!”деген темада ачык класстык саат өттү.Сабак көргөзмөлүү болду.Окуучулар жеңиш жөнүндө ырларды,учкул сөздөрдү айтышты.Ошондой эле “Майсалбектин катын”Исламбеков Д көркөм,так окуп берди.Башталгыч класстар “Жеңиш күнүнө -76жыл”деген темада ар кандай темада сүрөттөрдү тартып келип маалымат тактасына илип жатышты.15-май Энелер күнүнө карата 6-а класстын окуучулары класс жетекчиси менен бирдикте видеоролик жасашты.5-9-11-класстын окуучулары темага ылайык дубал газеталарды чыгарышты.7-класстын класс жетекчиси “Өлбөс полк”акциясына карата банер чыгарды.2-9-класстар “Эч ким,эч качан,эч нерсе унутулбайт!”деген темада фестиваль өткөрдүк.Фестивалга активдүү катышкан класстар:2-а,3-,7-,8-класстар.Фестиваль 3номинация менен өткөрүлдү.1-Көркөм окуу(согуш маалындагы ырлар)2-Вокал (Жеңиш күнүнө карата обондуу ыр)3-Сценка(согуш маалындагы жашоодон үзүндү)2-а класстан Жекшеналиева А,Назарова К” Жеңиш күнү”деген ырды көркөм ырдап беришти.3-класстан Жумакадыров Н.”Бүкөнтай”ырын көркөм,так айтты.7-класстан Абдыгулова З,Темирбекова Ж Жер эненин монологун сахналаштырып жогорку деңгээлде аткарышты.8-класстан Түлөбердиев Б жана Насипкулов Б “Наалат согуш” деген темада сценканы абдан жакшы аткарышты.Активдүү катышкан класстар жана окуучулар жылдын аягында диплом жана белектер менен сыйланышты.

**2.Класс жетекчилердин ата-энелер менен иштөөсү.**

2020-2021-окуу жылында ата-энелер менен иштөө боюнча мектеп ичинде бир жылдык план түзүлүп,директор тарабынан бекитилген.Жыл башында ата-энелер чогулушу болуп,ата-энелер комитети бекитилген.

Ата-энелер комитетинин төрайымы –Усубалиева Адинай.

Мүчөлөрү-Кубатова Гулзар,Аскеева Нурайым,Апсаматова Айзада

Чейрек сайын пландуу түрдө ата-энелер чогулушу болуп турат.Мындан тышкары ар бир класс ар кандай шарттарга байланыштуу кошумча ата-энелердин жыйналыштарын өткөрүп турушат.Мектеп администрациясы ата-энелер менен иш алып барууда жылдык план түзүлүп бекитилген.Класс жетекчилер балдарынын сабактарын өздөштүрүүсүн жана сабака катышуусун өзүлөрү баа берүү үчүн ата-энелерди сабактарга катыштыруу максатында ачык эшиктер күнүн,чейрек сайын уюштуруп беришет.Ата-эне-мектеп-окуучу үч бурчтугу биргеликте уюшкандыкта ачык иш алып барган учурда гана ийгилик жаратат.

**3.Балдардын өзүн-өзү башкаруу уюму.**

2020-2021-окуу жылынын башында мектеп парламенти түзүлүп,президенти шайланган.Парламенттин өзүнүн максаттары жана милдеттери коюлган.Бирок кырдаалга карата 14-декабрга чейин онлайн форматында өтүлдү.Жыл башында мектеп ичинде дежурствонун графиги түзүлгөн.Жума сайын класстар арасында рейддер онлайн жүргүзүлүп турду.Мектептин президенти 9а-классынын окуучусу Шарипова Жазел.Мектепте,билим,экология,спорт маданият министрлери шайланган.Мектептин ред.колл.бар.Жыл башында өзүн-өзү башкаруу уюмунун бир жылдык иш-планы түзүлүп директор тарабынан бекитилген.Мектепте ар бир министрдин бир жылдык планы иштелип чыккан жана бекитилген.Ошол пландын негизинде иш алып барылат. Ар бир ай сайын өзүн-өзү башкаруу уюму конкурстарды,спорт оюндарды,онлайн форматында өткөрүп турушту.

Октябрь айында өз ден-соолугуна кам көр деген темада видеоролик жасашты.Баткенчилер күнүнө карата 8-класстын окуучулары слайд жасап жиберишти.Бүткүл дүйнөлүк СПИДкүнүнө карата 30-ноябрда Чүй Токмок билим берүү тарабынан шаардык райондук викторина болуп өттү.Бул викторинага шаардык жана райондук мектептер катышты.Викторинага биздин мектептен үч окуучу катышып,жакшы көрсөткүчтү көрсөтүштү.Декабрь айында план боюнча “Ынтымак”форуму болуп өттү.Бул форумда Кыргызстандын шаарлары бөлүнүп берилген.9а-9б-класстын окуучулары бөлүнгөн шаарлар боюнча видеороликтерди жасашты.6-а,б,-7-класстар дубал газеталарды,3-4-класстар сүрөттөрдү тартышты.Мыкты аткарылган иштер райондук кароо сынакка жөнөтүлдү.Бул иш-чаралардын баары онлайн түрүндө болду.14-декабрдан баштап балдардын өзүн-өзү башкаруу уюму салттуу түрдө өз иштерин башташты.Окуу процесси

башталгандан баштап мектептеги гигиеналык-санитардык абал көзөмөлгө алынды. 18-февралда мектеп ичинде өткөрүлгөн “Жоокер ыры”конкурсуна 9а-9б-10-класстары активдүү катышышты.9а-класс 1-орунга ээ болду.10-класс 2-орун,9б-класс 3-орун алышты.3-мартта Туу кунүнө карата линейка өткөрүлдү.Линейкада балдардын өзүн-өзү башкаруу уюму Кыргызстан,Туу,Мекен жөнүндө ырларды айтышты.Жана бардык класстар линейкада желектер менен турушту.5-март Ак калпак күнүнө карата дагы линейка өткөрүлдү жана мектепте бардык эркек балдар баштарына ак калпак кийип жүрүштү.15-мартта Бүткүл дүйнөлүк кургак учук менен күрөшүү айына карата ФАП менен жолугушуу болду.Ал жакта иштеген Абдразакова Бактыгуль эже балдардын өзүн-өзү башкаруу уюмундагы окуучуларга тегерек стол уюштуруп,кургак учук оорусу жөнүндө кеңири маалымат берди.

Апрель айында өткөрүлгөн балдардын өзүн-өзү башкаруу уюмунун Манас жаштарынын иш-чаралары боюнча маалымат.

Апрель окуясына карата мектепте линейка болуп өттү.Балдардын өзүн-өзү башкаруу уюму 7-Апрель Революция күнү деген темада видеоролик жасап группаларга салышты.”Жашай бергем жергем”айлыгына карата балдардын өзүн-өзү башкаруу уюмундагы окуучулар жаңы мектепке өз салымдарын кошуп жатышат, мисалы:бак тигишти,гүл отургузушту,ёлкаларды отургузушту аларды сугарып жатышат.15-апрелде мектеп ичинде ЮИДД кароо сынагы болуп, 6-класстан 9-класска чейинки окуучулардан алтыдан окуучу катышышты.Кароо сынакта Манас жаштары 9-а класстын кыздары 1-орунга жетишип,райондук кароо сынакка онлайн форматында катышышты.”Өлбөс полк”акциясына карата Манас жаштары чоң дубал газета чыгарып тагышты.19-апрелде Манас жаштары онлайн презентация кылып,жасаган иштери боюнча слайд жасап районго фото отчёт жиберишти.

Май айында өтүлгөн балдардын өзүн-өзү башкаруу уюмунун Манас жаштарынын иш-чаралары боюнча маалымат.

Манас жаштар уюму 5-май Конституция күнүнө карата видео ролик жасап интернетке салышты.9-май Жеңиштин 76 жылдыгына карата “Фронттон кат”деген темада абдан жакшы видеоролик жасап интернетке салышты.15-май Энелер күнүнө карата класстын ичине улуу эжейлерге чакан концерт коюп беришти. Мындан сырткары ай сайын мектеп парламенти менен рейддер жүргүзүлдү.Рейддин максаты: окуу китептеринин сакталышы, формуляры, мукабасынын сыртталышын көзөмөлдөө.Китептин сыртталышы, формуляры, сакталышы начар болсо биринчиден класс жетекчиге, окуучунун өзүнө маалымат берилип,андан кийинки рейддерде сакталышына көңүл буруп жатышты.Окуу жылынын аягында окуучулар китепканага китептеринин өткөрүлүшү боюнча көзөмөл жүргүзүштү.

**4.Профилактикалык иштер.**

2020-2021-окуу жылы боюнча атайын түзүлгөн план боюнча окуучулардын сабактан калуусун көзөмөлдөп ,себепсиз калган окуучулардын ата-энелери менен аңгемелешүү болгон .Учетто турган балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша мектептеги ийримдерге жана иш-чараларга катыштырып кызыктыруу.Класс жетекчилер тарабынан социалдык категориядагы балдар үчүн “Мен киммин”,”Менин жайкы каникулум” деген темада анкеталар алынган.Балдарга карата жасалган зордук-зомбулукту алдын алуу менен турмуштук кыйынчылыктарга дуушар болгон үй-бүлөнүн балдарын чоңдор тарабынан психологиялык жана физикалык зомбулуктан сактоо боюнча ата-энелер менен тегерек стол уюштурулуп кылынган..Балдардын арасында жүрүм туруму тынчсыздандырган балдарды аныктап соц педагог менен биргеликте иш алып барылган.Класс жетекчилер окуучулар арасында диний уюмдарга,секталарга барган үй-бүлөлөрдү жана балдарды изилдеп алар менен алдын ала иш алып барып турушат.Жогорку класстын кыздарына “Эрте турмушка чыгуунун кесепеттери”деген темада слайд,видеороликтерди көрсөтүп, ата-энелери менен тыгыз байланышта болуп турдук.Окуучулардын арасынан ПАЗ колдонуп жүргөн балдарды аныктап, сүйлөшүү жүргүзүлүп турган.Одоно тартип бузган балдарды мектептин админстрациясы тарабынан эки жолу эскертүү берилет.Андан кийин ИДНдин учетуна коюлуп,ата-энесин чакыртып,түшүнүк каттарды алат.Класс жетекчилер жума сайын класстарына класстык чогулуштарды өтүп турушат.Өтүлгөн класстык сааттар тарбиялык журналдарга жазылып турат.


**5.Окуучулардын райондук,областык,республикалык кароо сынактарынын 3жылдык мониторинги.**

| Иш чаралар | Шаардык,райондук, областык, республикалык,эл аралык | 2018-2019-окуу жылы | 2019-2020-окуу жылы | 2020-2021-окуу жылы |
|---|---|---|---|---|
| Жоокер ыры-2018 Патриоттук ырлар. | | | | |
| Сары-Өзөн чолпондору-2018 | райондук | | | 3-орун |
| Ноль багытында Биз СПИДке каршыбыз Эмблеманы коргоо | | | | |
| Жоокер ыры-2019-2020окуу жылында | Райондук<br>Областык<br>республикалык | | 1-орун<br>1-орун<br>3-орун | |
| Жоокер ыры-2020-2021-окуу жылында | | | | |

2018-2019-окуу жылында ата-энелердин каршы болгондугуна байланыштуу орун алган жокпуз.

2019-2020-окуу жылында 1окуучубуз активдүү катышып республикалык кароо сынактан 3-орун алдык.

2020-2021-окуу жылында  окуучулар активдүү катышып райондук сынактардан алдыңкы орун алдык.




**6. Кружок иштеринин  жүрүшү боюнча жылдык отчет.**

**Максаты:** Балдардын чыгармачылык жөндөмдөрүн арттыру

- балдардын интеллектуалдык өнүгүүсүн таанып билүү;
- окуучулардын инсандык өнүгүүсүнө шарт түзүү жана алардын жалпы адамзат  баалуулуктарына жетүүсү;
- балдарга жагымдуу шарттардагы жагдайларды түзүү;

**Милдеттери:**Балдардын чыгармачыл машыгуусун өнүктүрүү, стандарттык эмес ой-жүгүртүүсүн жана коммуникативдик компетенттүү жөндөмдөрүн өнүктүрүү, окуучулардын базалык билүүсүн практика жүзүндө терендетүү жана кеңейтүү, ар кандай материалдар менен иштөөгө үйрөтүү,

-өзүн-өзү сыйлоону калыптандыруу;

-балдардын чыгармачылык иштерине ата-энелерди тартуу;

Мектепте 0,5 ставка анын 0,25 ставка “Комузчулар”, 0,25 ставка “Драм”ийримдери, дене тарбия сабагынын ийрими 0,5 “Мини футбол”ийримдери иштейт.Ийримдер боюнча жылдык пландар бекитилген.

**1.Ийримге катышкан окуучулардын тизмеси.**

”Драм” ийримине катышкан окуучулардын тизмеси:

Абдысадыкова С,Абсаматова А,Акылбеков У,Бакасова А,Жумакадыров Н,Темирбекова Ж,Шадыбекова А,Анарбекова А,Камчыбекова С,Орузбаева А,Абылкасымова Ж,Жумакадыров Э,Жумакадыров С,Мекеабдуллаева Т,МюдиноваА,Мырзабекова Н,Насырова А,Исламбекова А,Кедейкулова А,Койчукеева А,Искендерова Н,Төлөгөнов Н,Таалайбек уулу Б,Орузбаева А,Орузбаев Т,Шарипова Ж,Шарипов Б,Моңолдорова Г,Совет кызы А,Сейитнасырова А. “Комузчулар”ийримине катышкан окуучулардын тизмеси:

Жумакадырова А,Мекеабдуллаева Н,Орузбаева А,Бакасова А,Темирбекова Ж,Мырзакулова А,Мыктыбеков К,Ниязбекова Б,Анашова Ж,Тойчубеков Э,Абдысадыкова С,Айдарбекова А,Даржыбекова К,Ыскарбекова А,Аскулова А,Самудинова Э,Алымкулова А,Мукамбетова А,Койчукеев А,Темирбекова С. “Мини футбол”ийримине катышкан окуучулардын тизмеси:Асанкулов А,Бекетаев Б,Болотов Б,Кожобеков А,ШериповМ,Сабыралиев И,Кедейкулов Б,Кекинов Б,Насипкулов Б,Төлөгөнов М,Болотов Н,Замирбек уулу А,Келдибеков Э,Мелис уулу А,Мурчилаев А,Таалайбек уулу Б,Адил уулу К,Айбек уулу И,Жээнкулов Б,Абыкеев Ж,Аскулов Ш,Жоомартбеков А,Мурчилаев А,Шейшенкулов Б,Асанов А,Анарбеков Б,Жумакадыров С,Ишенкулов Э, Жоомартбеков А.

**2.Акыркы 3 жылда ийримдер боюнча салыштырмалуу мониторинги**.

| Муг.аты -жөнү | Ийримдин аталышы | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 |
|---|---|---|---|---|
| Абдыкадырова Н | драм | | 1орун | 2орун |
| Боргулов А | комузчулар | | | 3-орун |
| Сабырбеков А | Мини футбол | жок | жок | жок |

**3.Ийримге жетектеген мугалимдердин сандык жана сапаттык курамы (ставка, сааты).**

| Муг.аты-жөнү | Билими, диплом боюнча адистиги | Берген предмети | Педстаж | Ставка саат | Сыйлыктары |
|---|---|---|---|---|---|
| Абдыкадырова | Кыргыз | кыргыз | 2 жыл | 0,25 | жок |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Н.Ж. | тили | тили | | (жумасына 5 саат) | |
| Боругулов А. | Музыка | музыка | 47 жыл | 0,25 (5саат) | Билим берүүнүн мыктысы |
| Сабырбеков А. | Гео-биолог | дене тарбия | 26 жыл | 0,5 (10 саат) | Билим берүүнүн мыктысы |

**4.Сабак өтүүдө техникалык коопсуздук,санитардык –гигиеналык эрежелердин сакталышы**.

Окуу жылынын башында ийрим жетекчилери мектептин техникалык коопсуздук, санитардык-гигиеналык эрежелерин сактоо боюнча буйрук,инструктаж менен таанышкан.Окуучуларга техникалык коопсуздук, санитардык-гигиеналык эрежелердин сакталышы боюнча инструктаж өткөрүшүп, журналга колдорун койдурушкан.Сабак учурунда окуучулардын коопсуздугу, өмүрү, ден соолугунуна дайыма кам көрүлүп турат.Азыркы пандемия учурунда өзгөчө санитардык-гигиеналык эрежелер бет кап тагынуу,колдорун самындап жуу, антисептик пайдалануу иштери жүруп турат.

**5.Календардык жана күнүмдүк сабактын планынын абалы.**

Ийримдин жетекчилеринин календардык пландары окуу жылынын башында мектептин шартына ылайыкталып түзүлүп, бекитилген. Күнүмдүк пландар дайыма уюштуруучу тарабынан текшерилип турат. Дене тарбия ийриминин күнүмдүк сабактагы ийримдин планы толук эмес, алэми "Драм","Комузчулар"ийримдеринин күнүмдүк сабактын планы жылдык планга дал келип жазылып турат.Күнүмдүк сабактын планы менен журнал дал келет.

**6.Онлайн учурунда ийрим иштерин платформаларда өтүү.**

"Драм"ийрими онлайн учурунда ЗУУМ,Классрум,WhatsApp платформаларында өтүлүп турду.Ал эми "Комузчулар " ийриминин жетекчиси жашы улгайган куракта болгондуктан платформаларды өздөштүрө албай, окуучуларды аралыкты сактоо менен мектепте сабак өттү.Дене тарбия предметинин ийрими толук кандуу өтүлгөн жок,бул боюнча мектеп жетекчиси бир нече жолу ГорООго кайрылган.Онлайн учурунда ийрим иштеринин жүрүшүнө айылда интернеттин начар тарткандыгы да терс таасирин тийгизди,бирок ушундай кыйынчылыктарга карабастан "Драм"ийрими ЗУУМ,Классрум платформалары менен өз убагында жүгүртмөнүн негизинде өтүлүп турду.

**7. Журналдардын сапаттуу толтурулушу жана текшерүүнүн саны.**

Окуу жылынын ичинде ийримдин журналы 4 жолу мектеп администрациясы тарабынан текшерилген. Журналды текшерүүнүн негизинде кетирилген кемчиликтер, санитардык абалы боюнча  эскертүүлөр өз убагында берилип жана аткарылып турду.Ийрим журналынын абалы канааттандыралык.

**8.Окуучулар менен мугалимдин ийрим иштери боюнча жүгүртмөнүн дал келиши.**

Ийримдердин жүгүртмөсү бекитилген жана мектепте көрүнүктүү жерде илинип турат.Ийримдин сабактары 2-сменде өтүлөт.Окуучулардын жүгүртмөсү менен ийрим жетекчисинин жүгүртмөсү дал келет.Мектеп администрациясы тарабынан ийрим иштеринин жүрүшүнө дайыма көзөмөл жүргүзүлүп турат.

**9.Чыгармачылык отчёттор,ийрим иштеринин жыйынтыгы боюнча мониторинг.**

«Комузчулар» ийримине 5-8-класстардын окуучулары катышат.Окуучулардын ийримге болгон кызыгуулары бар.Мектеп ичинде майрамдарда чыгармачылык отчет берип турушат. Мониторинг жасаганда окуучулардын ийримге катышуусу менен мектепке тарылуусу жакшырды.Жылдар боюнча салыштырсак,окуучулардын ийримге катышуусу 2019-2020- окуу жылына караганда 2020-2021-окуу жылында 15%ке өстү. Ийрим иштеринин жыйынтыгында март айында болду.Мисалы: район аралык “Мен Кыргызстандык болгонума сыймыктанам” сынагына 2 окуучу катышып,3-орунга ээ болушту.Окуу жылынын аягында ийримдин отчеттук концерти онлайн форматында ата-энелерге берилет.

“Драм” ийримине 5-11-класстарынын окуучулары катышат.Ийримдин ишинде балдарды чыгармачылыкка кызыктыра тургандай мазмундуу темалардагы сахналантырылган сценкалар коюлуп турат.Даталуу күндөрдө чыгармачылык отчеттор берилип турат.Мисалы: ”Манастын уулу Семетей” драмасы,”Каныкейдин монологу”, “Курманжан Датканын монологу”, Ч.Айтматовдун ”Саманчынын жолу” чыгармасынан Толгонайдын монологу,Ш.Дүйшеевдин ”Эне тилин унуткандар”чыгармасынан көркөм окуу болду.Окуучулардын ийримге болгон кызгуулары бар.2019-2021-окуу жылына караганда 2020-2021- окуу жылында ийримге окуучулар 20 %ке көбүрөөк катышты.

Дене тарбия ийриминен минифутбол ойнотулат.Мугалимдин чыгармачылык отчетун мектеп администрациясы көрө алган жок.